**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**

**Диссертациялык кеңеш Д. 07.16.528**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 398 (575.2)(043.3)**

**АЛЫМБАЕВ АБДРАХМАН МЫРЗАГУЛОВИЧ**
**(БАЙАС ТУРАЛ)**

# МИФТЕР ЖАНА УЛАМЫШТАР - КЫРГЫЗ ЭЛИНИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ БУЛАК

**Адистиги: 07.00.02. – Ата-Мекен тарыхы,**
**07.00.09.–тарыхнаама, булактаануу жана тарыхты изилдөө ыкмалары**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2016**

**Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчиси:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Каратаев Олжобай Кубатбекович**

**Расмий оппонеттер:** тарых илимдеринин доктору **Жакыпбеков Жаныбек**

тарых илимдерини кандидаты, доцент **Молдокасымов Кыяз Сатарович**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана аны окутуу усулу» кафедрасы
**Дареги:**722360, Каракол шаары, Тыныстанов көчөсү, 32.

Диссертация 2016-жылдын «27» июнунда саат 14.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528. Диссертациялык Кеңештин жыйынында корголот.
**Дареги**: 720026, Бишкек шаары, И.Разаков көчөсү, 51-а.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.
**Дареги**: 720026, Бишкек шаары, И.Разаков көчөсү, 51-а.

Автореферат 2016-жылдын «27» майында жөнөтүлдү

**Диссертациялык Кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин**
**доктору** **Н.У. Курбанова**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Советтик тарыхнаамада кыргыз мифтерин тарыхый булак катары караган өз алдынча илимий изилдөө болгон эмес.Эгемендүүлүктүн шарданы менен кыргыз элинин өткөн тарыхын, байыртадан бери элдин эс-тутумунда сакталып, көөнөрбөс оозеки булак катары келе жаткан мифтерге жана уламыштарга кайрылуу күчөгөнүн белгилөөгө болот. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү уламыш-мифтер Борбор Азия аймагында жашашкан түрк, монгол элдеринин келип чыгышына байланышкан уламыш-мифтер менен тыгыз байланыштуу. Анын тарыхын ар тараптуу чагылдырыш үчүн эгемендүүлүккө ээ болгон мезгилден баштап, тарыхчылар, этнографтар, этнологдор жана башка илимий чөйрөнүн өкүлдөрү кыргыз элинин калыптанышынын негиздеринин бири болгон мифтердин жана уламыштардын ордун аныктоого умтулушууда. Анткени, мифтер жана уламыштар байыркы кезден бүгүнкү күнгө чейин адамдын рухий маданиятынын өзөктүү көрүнүшү анын аң-сезиминин формаларынын калыптанышынын негизги булагы катары эсептелинет.

Миф өз доорунда идеалдуу прообраз, баштапкы булак (архетип) катары өзүнүн өзгөчө ролун али жогото элек жана бүгүнкү күндө дагы өзгөчө феномен катары кабылданууда. Ошондуктан,мурдагы тарыхты, өткөн окуялардын, көрүнүштөрдүн, кубулуштардын маани-маңызын анын генезисинен баамдоодо жана алардын таралышын түшүндүрүүдө мифтердин орду алмаштырылгыс.

Белгилүү тарыхчы-этнологдор өздөрүнүн өткөн тарыхында жазмалары болбогон же жазмага жаңыдан ээ болгон элдердин тарыхын изилдөөдө тарыхый булак катары элдик этногониянын илимий мааниси өтө зорлугун, элдик этногониядагы материалдарды кеңири пайдаланбай туруп, этникалык тарыхка илимий иликтөө жүргүзүүгө мүмкүн эмес экендигин белгилешкен.

Ал эми тарых менен мифтердин тыгыз байланышы жөнүндө көптөгөн маалыматтарды чогултушкан чет өлкөлүк илимпоздор мифологияны тарыхты изилдөөнүн жана адамзаттын байыркы өткөнүнтаанып билүү каражаты катары өзүнчө тармакка бөлүп, мифтерди «тарыхый булак» деп баалашкан. Алар: байыркы мифтер тарыхый фактылардын арасынан өзүнүн ордун тапканын, алар акыл - эстин өнүгүү процессинин көрүнүшүн билдирип, элдердин тарыхын изилдөөдө баа жеткис материал гана болбостон, байыркы ишеним, салт - санаа жөнүндөгү эскерүүлөрдүн жыйнагы да болуп эсептелерин айтышкан.

Мифтерди жана уламыштарды изилдөө батыш элдеринин илиминде бийик деңгээлге жеткени менен кыргыз илиминде бул багыт жаңыдан жолго коюлуп жатат. Тарыхты изилдөөдө мифтерди жана уламыштарды тарыхый булак катары пайдаланып, салыштырма – типологиялык

изилдөөлөрдүн жардамы менен жыйылган маалыматтарды системага келтирип, анализге алуу – бул бүгүнкү кыргызтарых илиминин зарыл талабы.

Мындай кызыгуу албетте, эң биринчи кезекте улуттук аң-сезимдин өнүгүшүнө байланышкан фактор болсо, экинчиден, дүйнөлүк деңгээлде улуттук өзгөчөлүктөрдү жоюуга карай багытталган ирилештирүү идеологиясынын жайылышынан улам болууда. Башкача айтканда, дүйнө элдеринин көбүндө ааламдашууга каршы улуттук идеологиянын жанданышы байкалууда. Бул процесс ар бир улуттун өзүн өзү тереңдеп таанып билүүсүнө багыттоодо. Ал эми өзүн өзү таанып билүү процесси сөзсүз этностук тарых жана этногенез менен тыгыш байланышта жүрөт.

Кыргыз элинин келип чыгышы жазма тарыхый булактардын негизинде изилденип келгени менен мифтер жана уламыштар оозеки тарыхый булак катары кыргыз тарыхнаамасында өз алдынча изилдөөгө алына элек болчу. Мына ушул көз караштан алганда, окумуштуу Ж.Жакыпбеков жазгандай, «бүгүнкү күнү тарых илими тарыхты изилдөөнүн жаны ыкмаларын издеп, тарыхый окуяларга жаңы көз караштан баа берүү маселелерин кайра карап жатат» [284,8]. Ошондуктан уламыштарды жана мифтерди кыргыз этнониминин келип чыгышынын булагы катары изилдөө жана аны кыргыз тарых илиминдеги улуттун өзүн өзү таанып билүүсүнүн башкы факторлорунун бири катары кароо –илимий иштин негизги актуалдуу маселеси болуп саналат.

**Теманын изилденүү деңгээли.** Кыргыз элинин келип чыгышындагы миф жана уламыштын ролу туурасындагы маселеге карата советтик жана постсоветтик доордо бир катар эмгектер жаралган.

Советтик белгилүү окумуштуулар А.Ф.Лосев [111, 112, 113, 114, 115],Ф.Х.Кессиди [92], А.Н.Чанышев [204, 205], Е.М.Мелетинский [131, 132], В.Я.Проп [153, 46-б.],С.А.Токарев [177, 178], Е.М.Дьяконов [68, 69], А.М.Золотарев[75] ж. б. мифтерди, мифологиялык аң-сезимди изилдөөнүн теориясына салым кошушкан. Аталган авторлормифтерди, уламыштардытарыхый булак катары колдонуудагы сунуш кылган теориялык ойлору өтө маанилүү.

Антикалык маданиятты изилдөөдөгү мифтердин ролуна токтолгон А.Н.Чанышев төмөнкү үч жагдайды бөлүп кароону сунуштаган:калктардын мифологиясын конкреттүү-тарыхый фактыларга байланышта изилдөө; мифтерди тарыхый, этнографиялык, филологиялык, лингвистикалык жактан иликтөөлөргө алуу; мифти аң-сезим, акыл-эстин феномени катары философиялык өңүттө иликтөө.[ 204, с. 167].

Советтик доордун тарыхнаамасында түрк-монгол элдеринин келип чыгышындагы миф, уламыштардын маселелерин Н.Я.Бичурин [34, 35], Н.В.Кюннер [105], Г.Е. Грум-Гржимайло [58], А.Г Малявкин [118,

119,120], С.Е.Яхтонов [281], Ю.А.Зуев [286], Г.П.Супруненко [262], Е.И.Кычанов[104] ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде изилденген.

Советтик-кыргыз тарыхнаамасында кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдө айрым бир мифтик түшүнүктөргө, уламыштарга кайрылышкан авторлорго С.М.Амрамзон [4], К.И.Петров [150], Б. Аманалиев [18], К. Байжигитов [26], И.Б.Молдобаев [136, 251], А.М.Мокеевдин [250]эмгектерин кошууга болот. Аталган эмгектерде миф жана уламыштар конкреттүү изилдөөгө алынбаганы менен авторлор тиешелүү айрым бир фактыларга токтолуп өтүшкөн. Белгилүү окумуштуу С.М.Абрамзон борбордук Тянь-Шандагы кыргыздардын этникалыктарыхын изилдеп жатып, элдик уламыштарга кайрылган. Эл оозунан жыйналган уламыштарга таянган автор кыргыздардын Алтайдан көчүп келиши, Долон бий жана анын тукумдарынын Чүй дарыясынын аймагына отрукташып калышы, XVI-XIX кылымдардагы этникалык тарыхты изилдөө үчүн уламыштарды тарыхый булак катары колдонуу зарыл экендигин белгилеп кеткен[ 4, с.3, 12-14].

Кыргыздар туурасында Түштүк Сибирь аймагындагы түрк элдеринин уламыштарында, мифтеринде сакталган маалыматтарды изилдөөгө алгандардын бири белгилүү этнограф И.Молдобаев болгон. Автор өзүнүн эмгегинде кыргыз элинин этникалык курамы татаалдыгын, ошол себептен кыргыздардын Түштүк Сибирдеги этномаданий башатын изилдөөнүн зарылдыгын белгилейт. Хакас, алтай, шор, тува, чулум түрктөрүнүн уламыштарында кыргыздардын көчүп кетиши, уруулук курамы, жашоо ареалы туурасында сакталып калган уламыштарга кеңири токтолуп өткөн. Түштүк Сибирь элдеринин арасындагы уламыштардын сакталышыазыркы кыргыздар менен этногенетикалык жана маданий жалпылыктын бир экендигинин күбөсү катары белгилейт [251, с.94,96,113].

Кыргыз элинин келип чыгышын, калыптанышын жана маселенин булакнаамалык таризде изилдөөгө арналган бир катар эмгектер жарык көрдү. Бул багытта тилчи-адабиятчылар, санжырачылар жана философтор тарабынан бир канча эмгектер жаралды. Алардын катарына К.Байжигитов [26] А.Байбосунов [25], К.Ибраимов [77], Н.Нарынбаева [141], М.Борбугулов [40], М.Мамыров [121], Т.Абдыракунов [2, 3] ж.б.эмгектерин кошууга болот.

Кыргыз элинин жаралышы, башка түрк элдери менен болгон этникалык, этномаданий байланыштары, этногенез маселесиндегимиф-уламыштардын булакнаамалык ролу туурасында окумуштуу-тарыхчылар Ө. Караев [83] С.Аттокуров[24], С.Т.Кайыпов [82], В.Я.Бутанаев [41;42; 43; 44; 45; 46], А.Асанканов [23], Э.Ж.Маанаев [116], А.М. Мокеев [250], О.К. Каратаев [85, 86, 87, 242], Р.Жолдошов [284], Т.Асанов [283],Н.Туран [187, 188, 189], С.А.Наркеев [140]ж.б эмгектеринде чагылдырылган. Кыргыз элинин этникалык тарыхы, элдин калыптанышынын негизги

этаптары, Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздардынтурмушу Э.Ж.Маанаев [116], О.К. Каратаевдин[85, 86, 87] эмгектеринде кеңири сүрөттөлгөн. Белгилүү тарыхчы Э.Ж.Манаев тарыхый булактарга анализ жасоо менен кыргыздар Эне-Сай, Алтай аймагынан көчүп келгенге чейин эле, Чыгыш Түркстандын, Тянь-Шандын тоолуу райондорунда жашап келишкен, - деген пикирди сунуштаган [ 116, с.35].

Ал эми IX–XVII кылымдар аралыгындагы Алтай, Иртыш жана Тянь-Шань аймагындагы кыргыз элинин саясий жана этникалык процесстери А.Мокеевдин эмгегинде кеңири изилденген. Археологиялык, этнографиялык, жана оозеки материалдарга таянган чыгыш булактарынын негизинде, автор алтайлык кыргыздардын карлук, басмыл, кидан, кимак-кыпчак, монгол уруулары менен этномаданий байланыштарына терең булакнаамалык анализ жүргүзгөн.

Кыргыз элинин этникалык тарыхы, саясий түзүлүшү генеологиялык уламыштардын жана мифтердин негизинде Т.И.Асанов, Р.Жолдошевдин диссертациялык изилдөөлөрүндө каралган. Алсак, Р.Жолдошев кыргыздардын калыптануу процессиндеги уламыштарды жана мифтерди өзөктүк маанилерине карай он топко бөлүп, ар бир топко өз алдынча талдоо жүргүзгөн[ 284, с. 143-144].Ал эми белгилүү окумуштуу С.Аттокуровболсо, өз эмгегинде [24]санжыра түшүнүгүнө, санжыранын идеологиялык маанисине кеңири токтолуп, эл оозунан он, сол, ичкилик кыргыздардын генеологиялык таблицасын түзүүгө чоң салым кошкон.

Мифтер жана уламыштарга арналган эмгектердин катарына С.Закировдун изилдөөсүн кошууга болот[72;238]. Автордун эмгегинде кыргыз тарыхы үчүн зарыл болгон көптөгөн маалыматтар келтирилет. Элдин тарыхый эс-тутумунда тарыхый уламыш катары сакталып, атактуу Балыкооздон жазылып алынган «Отор хан» туурасындагы уламышында кыргыздардын орто кылымдагы түрк-огуздар менен болгонкызыктуу байланыштары чагылдырылган.

**Изилдөөнүн объектиси** кыргыз элинин этностук тарыхын чагылдырган мифтер жана уламыштар.

**Изилдөөнүн предмети** кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан маалыматтардын мифтер менен уламыштарда чагылдырылышы.

**Изилдөөнүн максаты** кыргыз элинин келип чыгышын, түрк-монгол элдери менен болгон генеологиялык, этникалык, этносаясий, этномаданий байланыштарын миф жана уламыштарда чагылдырылган тарыхый булактардын негизиндеизилдөө.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

- Миф, уламыштарды тарыхый булак катары кароо;
- Кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан мифтерге жана уламыштарга салыштырма – типологиялыкиликтөө жүргүзүү;

- Борбордук Азия аймагында жашаган элдердин мифтерин, алардагы этномаданий жалпылыктарды, өзгөчөлүктөрдү ачып көрсөтүү;
- кыргыз жана түрк-монгол элдеринин санжыраларындагы окшоштуктарды, параллелдерди аныктоо;
- кыргыз мифтеринин жана уламыштарынын тарыхый булак катары кыргызтарых илиминдеги алган ордун көрсөтүү.

**Изилдөөнүн хронологиялык** алкагы кыргыз элинин калыптануу доорун камтыйт.

**Диссертациянын булактык негизи**.Кыргыз элинин этногенези түрк, монгол элдери, ага чейинки мезгилдерде Борбор Азияда жана чектеш аймактарда жашашканбайыркы индо-иран тектүү элдердин, хуннулардын мифтери, уламыштары менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан изилдөө процессиндеорто жана жаңы доордогу жазма тарыхый булактар колдонулду.

Орто кылымга таандык орус тилине которулган жазма тарыхый булактардын катарына «Сокровенное сказание монголов» [168], Сайпидин Аксыкентинин[163], Рашид ад-Диндин [157]эмгектерин кошууга болот. Аталган тарыхый булактарда кыргыз жана түрк-монгол элдерине тиешелүү уруулардын келип чыгышына байланышкан материалдар чагылдырылган.

Жаңы доордогу тарыхый булактардын катарына орус тилинде жана жергиликтүү авторлор тарабынан түзүлгөн жазма булактарды кошууга болот. XVII-XIXкылымдарга таандык орус тилинде жарык көргөн тарыхый булактардын катарынаАбулгазы Бахадурдун [220], Н.Я.Бичурин [36, 37], Ч.Ч.Валиханов [48, 232, 233],Н.Наливкин [139], А.Диваев [65, 236], Е.Марков [247], Г.Н.Потанин [255], Н.А.Аристов [19, 20], В. Радлов [155, 258, 259],М.Венюков[49] ж.б. тарыхый булакнаамалык эмгектеринде кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан мифтер жана уламыштар сүрөттөлгөн. Өзгөчө эл оозунан жыйнаган Ч.Валихановдун кыргыздардын уруулук курамы, этникалык тарыхына байланышкан материалдар кызыгууну жаратат. Аталган жазма тарыхый булактарда кыргыздардын Эне-Сайдан көчүп келиши, 40 кызга жана Кыргыз атага байланышкан уламыштар сүрөттөлөт.

Жергиликтүү тарыхый булактардын тобуна XIXкылымдын аягы XX кылымдын 20-30жж. таандык болгонакын, санжырачыларО.Сыдыков [263], Үсөйүн ажы [277] Үмөт молдо [276], Тоголок Молдо [266], Талып Молдо [264], казакШ.Кудайберды-улы [95]ж.б. тарабынан чогултулуп, жазып калтырылган маалыматтарды атоого болот. Бул тарыхый булактарда кыргыз элинин келип чыгышынАбулгазы Бахадур-хандын санжырасынан бери келе жаткан Угуз хан туурасындагы уламыш**,** «түрк-кыргыз элинин дүмүрү» бир экендиги жөнүндөгү көз караш,

кыргыздардын оң, сол, ичкилик топторго бөлүнүшү боюнча кызыктуу материалдар берилген.

Тарыхый булактын кийинки бөлүгүн диссертантын катышуусу менен 1989-1990жж. Орто Азия чөлкөмүндөгү кыргыз урууларын жана алардынжайланышкан ордун изилдөө максатында Кыргыз Республикасынын “Маданият фонду” тарабынан уюштурулган фольклордук-этнографиялык экспедициячогулткан маалыматтар түзөт. Фольклордук-этнографиялык экспедициянын жүрүшүндө өзбекстандык (ташкендик, жизактык, хорезмдик, каракалпактык) кыргыздар боюнчабай этнографиялык талаа материалдар топтолгон. Алардын катарына кыргыздардын уруулук түзүлүшү, келип чыгышы, географиялык жайгашуусу тууралсындагы миф, уламыштарды кошууга болот. Экспедициянын жыйынтыктары боюнча маалыматтар илимий, илимий-популярдуу макалалар, эмгектер катары республикалык маалымат каражаттарында кеңири жарыяланган.

**Изилдөөнүн териялык-методологиялык негизи.** Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий объективдүүлүк, тарыхый принциптер, илимий таанып билүүдөгү жалпы илимий методдор, тарыхый-генетикалык, анализ, индукция, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-типологиялык методдор пайдаланылды.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** катары төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот:

- кыргыз тарыхнаамасында мифтер жана уламыштар кыргыз элинин келип чыгышын чагылдырган тарыхый булак катары алгачкыжолу изилдөөгө алынды;
- кыргыз тарыхнаамасында алгачкы ирет миф жана уламыштардын негизинде түрк-монгол элдеринин келип чыгышына булакнаамалык салыштырма талдоо жүргүзүлдү;
- кыргыз тарыхнаамасында биринчилерден болуп кыргыз жана түрк-монгол урууларынын санжыраларындагы этногенетикалык байланыштар системалаштырылып, аларга илимий баа берилди;
- кыргыздардын келип чыгышын чагылдырган мифтер жана уламыштар оболку ирет байыркы сак, сармат, усун, гунн жана түрк тилдүү элдердин, уруулардын келип чыгышына байланышкан миф-уламыштар менен салыштырма-типологиялык анализге алынды;
- кыргыз жана түрк тилдүү элдердин санжыраларындагы этногенетикалык мифтер иргелип алынып, аларга жаңы көз караштан изилдөөлөр жүргүзүлдү; «кыргыз» жана «түрк»

этнонимдеринин чечмелениши боюнча кошумча илимий пикирлер айтылды.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор:**

- кыргыз элинин калыптанышы байыркы, орто, жаңы доорлордогу татаал тарыхый процесстерди өз ичине камтыганы;
- кыргыз элинин жаралуу процессин комплекстүү чагылдырган ар кайсы тарыхый булактарды терең талдоо, салыштыруу аркылуу гана илимий концепция жаралары;
- байыркы Евразия аймагында кеңири жайылган мифологиялык сюжеттер бүгүнкү кыргыздардын эс-тутумунда, фольклорунда, санжыраларында сакталып келери;
- кыргыздардын, башка түрк-монгол, байыркы индо-иран ж.б. элдердин жана уруулардын мифтериндеги жана уламыштарындагы жалпылыктар, паралеллдер, элдердин генеологиялык, саясий-этникалык, этно-маданий жактан тарыхый байланыштаболгондугу;
- мифологиялык булактарды иликтөөнүн жыйынтыгында кыргыз жана түрк тилдүү элдердин маданияттарына тиешелүү болгон мифология ар тараптуу, терең, ички түзүлүшү татаал, узак тарыхый мезгил аралыгында жана алкагында өз алдынча мифологиялык система болуп калыптанганы;
- кыргыздардын этностук тарыхына, этнографиялык маданиятынабайланыштуу мифологиялык булактар, уламыштар, этнонимдердин этимологиясы, кыргыздардын келип чыгышыжөнүндөкошумча тарыхый булак катары кызмат кылары;
- кыргыздардын жана түрк-монгол тилдүү тектеш элдердин, уруулардын мифологиялык булактар менен уламыштарды иликтөөгө алуу, ушул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүүжаңы идеаларды илимий чөйрөгө алып кирүүгө жана аларды андан ары тереңдетип изилдөөгө шарт түзөрү илимий коргоого сунушталат.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы**. Илимий изилдөөнүн жүрүшүндө кыргыз, түрк-монгол элдерине байланышкан мифтер, уламыштарга талдоо жүргүзүлүп, системалаштырылды; кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан айрым булактар илимий айлампага киргизилди. "Кыргыз" жана "түрк" этнонимдеринин этимологиялары боюнча жаңы илимий пикирлер сунушталды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Кыргыз элинин келип чыгышын чагылдырган мифтик жана уламыштык тарыхый булактардын негизинде кабыл алынган жоболор, сунуш кылынган илимий көз караштар, жыйынтыктар Кыргызстандын тарых илиминде колдонулушу мүмкүн. Илимий иштин материалдары, тыянактары Жогорку окуу жайларында кыргыз жана түрк тилдүү башка элдердин тарыхы

боюнча атайын курстарда, лекцияларда, ошондой эле илимий изилдөөлөрдө таяныч база катары колдонууга болот.

**Изилдөөнүн апробацияланышы.** Илимий иштин негизги мазмуну жана жыйынтыктары төмөнкү республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, симпозиумдардадоклад катары сунушталып, талкууга алынган. Изилдөөнүн темасы боюнча 12 илимий макала, «Улустун улуу күнү» (Бишкек, 2003), «Огуздар» (Бишкек, 2005,2008) деген илимий-популярдуу жанрдажазылган эмгектерде апробацияланган.

**Диссертациянын түзүлүшү** кириш сөздөн, эки баптан, корутундудан, сөздөрдүн түшүндүрмөсүнөн, колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бап**. «**Байыркы Евразия элдери менен кыргыздардын этногенетикалык жана этномаданий байланыштары»** деп аталып, эки параграфтан турат. Аталган бөлүмдө алгач элдик уламыштар жана мифтер – этногенетикалык кыйыр булак катарыкызмат кылары айтылып, кийинки параграфта байыркы евразиялык элдердин келип чыгышына байланышкан мифтер жана уламыштар салыштырылып изилденүүгө алынган.

Жазма булактарда адегенде «арий», «тур» кийинчерек «сак», «сармат» жана «скиф» деген этникалык аталыштар менен белгилүү болгон элдердин мифтери боюнча биздин илимий изилдөөлөрүбүз алардын ирандыктарга эмес, турандыктарга көбүрөөк тиешелүү экенин көрсөттү. Анткени, *биринчиден*, алардын жашоо образы бири-бирине таптакыр карама-каршы, Мисалы, ирандыктар – отурукташкан, турандыктар – көчмөн цививлизациянын өкүлдөрү. *Экинчиден*, алардын кудайлары, ишенген ишенимдери да башка: ирандыктар – Ахура Маздага, турандыктар – Теңирге жана табияттын сырдуу күчтөрүнө сыйынышкан. *Үчүнчүдөн*, алардын жеген тамактары да бири-биринен кескин айырмаланган: отурукташкан эл катары ирандыктар – «чөп жечүлөр», көчмөн эл катары турандыктар негизинен «эт жечүлөр» болушкан. *Төртүнчүдөн,* сак, скифтердин кийген кийимдери, жашаган үйлөрү да ирандыктардыкына эмес, тескерисинче, түрктөрдүн ата-бабалары деп айтылып келаткан хунндардыкы менен дээрлик бирдей эле. Эң акырында, *бешинчиден*, алардан жазылып алынган мифтер жана уламыштар орто кылымда «огуз» жана «кыргыз» деген аталыштар менен белгилүү болгон этностордун уламыш-мифтери менен өтө жакын экени терендетилип изилдөөгө алынды.

Ушунун баары түрк тарыхчылары келечекте илимий изилдөөлөрдүн башка бир натыйжаларын айтышы мүмкүн экенинен кабар берет. Башкача айтканда, ушул кезге чейин дүйнөлүк тарыхта «иран тилинде» же

«индоевропа тилдеринде сүйлөгөн» арийлер же турлар азыркы түрк тилинен «бир аз» айырмасы бар байыркы «огуз тилинде» сүйлөгөн элдер болуп чыгышы мүмкүн экенин белгилейбиз. Анткени, санскрит тилиндеги кээ бир сөздөрдүн түрк тилиндеги сөздөр менен айтылышы жана мааниси боюнча да бирдей чыгып атышы бизди ушундай болжолдорду айтууга аргасыз кылат. Мисалы: 1. Ман, Ману, Манас (кырг.); 2. риши – ырчы (кырг.); 3. арий – арат же аруу; кыскача формалары: ар, эр, үр, ир (кырг.) ж.б.

Кээ бир окумуштуулардын жазгандары боюнча, «арий уруулары Сибирди жердеп турган учурда, ал жерде монголдор да, татарлар да болгон эмес» [19, 199-б.]. Бул пикирге Н.А.Аристов каршы болуп, ал П.А. Флоренскийдин: «Түштүк Сибирь эли арий расасына жаткан» деген оюна каршы чыгып,«байыркы «Сибир расасынын» сүйрү баштуулугу» анын арий расасына таандык экенин жеткиликтүү далилдеп бере албайт» депбелгилеп кеткен. Анткени, ал жерде арий расасына жатпаган сүйрү баштуу башка раса бар экени аныкталган. «Орто Азия - арийлердин түпкү ата журту» экендиги, ушул жерден алардын тарашы жана бир бөлүгүнүн Түштүк Сибирге келиши, ал Бэнфэянын «арийлер Кара деңиздин түндүк-чыгышынан тараган» деген оюндай эле илимий болжол [19, 200-б.] экенин айткан илимпоздордун да пикирлери бар. Ошону менен катар раса теориясынын негиз салуучусу, француз окумуштуусу – Ж.А.Гобинонун "арийлердин түпкү ата журту Алтай аймагы болгон" деген илимий пикиринен кийин бул ойду колдогон жана ага каршы кайчы пикирилерди айткан талаш-тартыштардын аягы да али суюлган жок.

Ал эми И. Бичурин шилтеме берген кытай тарыхынын маалыматтары: «Чыгыш океандан Каспий деңизине чейинки Азиянын ортоңкутилкесин ээлеп жаткан элдер, бул чөлкөмдөбайыртан бериэле жашап келатышканын» белгилейт.

Кыргыз уламыш-мифтерин изилдеп жаткан учурда, Туран аймагында жашашкан көчмөн байыркы араттардын (арийлердин) урпактары болгон сак, сармат, скиф, усун жана сери элдеринин уламыштарына жана мифтерине да өзүнчө токтолуп,алар менен кыргыздардын ортосундагы этногенетикалык, этномаданий байланыштардын бар экенин ачып көрсөтүүгө аракет жасалды.

Хунндар тууралу кеп кылсак, Чыгышта алардын армиясынын күч-кубаты, жоокердик духу убагында кытайлыктарды Улуу кытай дубалын курууга мажбурлаган. Ал эми Батышта болсо, алардын урпактары болгон гунндар Рим империясынын кулап жок болушуна себепкер болушкан [32, 81-112-б.].

Кезегинде «гунн» деген эл аталышы ошол эле убакта европа элдеринде «кыйраткыч» деген маанини да билдирген [32, 127-б.]. Бирок тарыхты окуган адамдар бул наам («кыйраткыч») гунндарга караганда,

Римди айоосуз талап-тоноого алган готторго көбүрөөк тиешелүү экенин жакшы билишет. 2015-жылы профессор А. Бекбалаев түрк элдеринин ичинен гунндардын кыргыздарга тиешеси көбүрөөк экендиги, гунндар менен готтордун тектештиги жана Батышта «Атилла» деген ысым менен белгилүү болгон Адыл хан «кыргыз» экени тууралу илимий изилдөөлөрүнүн жыйынтыгын жарыкка чыгарды [32]. Ал өзүнүн биз айтып жаткан эмгегинде Ф. Энгельске шилтеме берет: гунндар өлүп бараткан Европаны кайра тирилткен жана ага жаңы дем-күч берген «варварлардан» болушкан [32, 129-б.]. Ф.Энгельсти улай европалык изилдөөчү Жон Мэн: «Ал (Атилла) бүткүл Түндүк Европаны басып алып, Гонорияга үйлөнүп, Атлантикадан Уралга чейин, Альптан Балтикага чейин бийлик жүргүзгөн династияны түзмөк. Балким Британия ангылчын менен сакстарга эмес, гунндарга багынып берип, Чосер менен Шекспир гунн тилинде жазышмак, биз болсок христиан кудайына эмес, кандайдыр-бир шамандык Көк асманга сыйынмакпыз» [138, 291-292-б.] деп жазган. Чын эле, биздин оюбузча да, эгерде Атилла капысынан өлбөгөндө ушундай болмок!

Негизи, кыргыз этногенезине байланыштуу иликтей турган маселелер абдан арбын. Эки элдин (кыргыз, гунн) келип чыгышына байланыштуу айтылгануламыштардын окшоштугу да, бул маселе жөн эмес экенин тастыктап турат. Болгону, арийлер заманында «аруу кыз» тууралу айтылган уламыш, гунндар заманында «мастан же бузулган аялдар» жөнүндөгү мифке айланган.

Биздин изилдөөлөр үч элдин (арий, гунн, кыргыз) уламыштарынын түпкү тамыры бир экенин маалымдады. Анткени, идея да, сюжет да окшош: эркекке жолой элек кыздардан төрөлгөн касиеттүү «адам» же «эл». Болгону кез-кезде адам аттары башка болуп, баяндоо стили өзгөрүлүүгө учурайт.Анын алгачкы варианты албетте, байыркы арийлерге таандык. Б. а. байыркы зороастризм ишенимин негиздеген Заратуштура пайгамбарга жана ага чейин көчмөн арийлер арасында улуу кудай катары белгилүү болгон Митрага байланыштуу айтылганы. Анан бул миф зороастризмдин элементтери аралашкан митраизм ишеними менен Батышка карайжылып, б.з. башында Иса пайгамбардын төрөлүшү жөнүндөгү легенданы пайда кылган.

Эгер атактуу окумуштуу А.Н.Бернштам шилтеме берген гот тарыхчысы Иордандын көзү менен карасак, анда уламыш боюнча Кыргыз этногенезин түзгөн кырк кыз – «бүбү» же «элдин башын айланткан» бузуку аялдар. Эгер байыркы арийлердин көзү менен карасак, анда «кырк кыз» кудайдын буйругу менен боюна бүтүп, акыр заман алдында адамзатты апааттан куткарып калуучу акылмандарды жана баатырларды төрөгөн касиеттүү энелер.

Илимпоздорду Үлген кудайынан төрөлгөн Кыргыз хан менен байыркы арий кудайы–Митранын образындагы окшоштуктар да таң калтырбай койбойт. Ошондон улам алтайлык «Кыргыз хан» да адегенде «дүйнөнү кыямат кайымдан куткаруу үчүн жаралган кудай» болсо керек деген ой туулат? Балким бул «көчмө сюжет» болушу да толук ыктымал? Бирок, сюжет каяктан каякка көчүп барганында же ал кайсы элден кайсы элге көчүп өткөнүндө; анын башаты кайда жатат – маселе мына ошондо?

Мисалы, ошолАлтай мифиндеги Үлген кудайынабайланышкан мифте, Кыргыз хан анын баласы экени айтылат. Ал эми түрк санжыраларында Кыргыз Угуз хандын токол аялдарынын биринен (энесинин аты белгисиз?) төрөлгөн небере делет. Ошентип эки фактынын кайсынысы чындыкка жакын экенин тактоо зарылдыгы туулат. Эгер Алтай-Сайан элдеринин уламыш-мифтериндеги «каардуу», «бийлиги күчтүү» Кыргыз хан туурасында айтылган мифти, анан Үлген кудайынын алты же сегиз уулунун бири болгон Кыргыз ханды, андан башка байыркы кыргыздардын Кудай менен уйдун катышынан келип чыкканынан маалымат берген маалыматты жана Угуз хандын урпактарынын ичинен Кыргыздан башка эч ким Түштүк Сибирде улуу империя түзбөгөнүн эске алсак, анда түрк санжыраларында айтылгандай Кыргыз - «Угуз хандын олжо аялдарынын биринен төрөлгөн небере» эмес, тескерисинче Угуз кагандын улуу уулу жана өзүнөн кийин мураскор катары такка отурган «Күн хан» экенин болжолдоого болот.

Ошону менен катар кыргыздын теги байыркы арий элдери менен да байланышы бар экенин эске алып, автор арий тили боюнча этнонимдин маанисин да талдоого алган. Анда да кыргыз этнониминин этимологиясы да «күн адам» – «күн хан»(хур+гуз) дегенди берет. Ошентип диссертант мифтик эки персонаждын ысмын тактаган. Анын бири – Үлген кудайынын ысмы кийин Угуз хан болуп өзгөрүлгөнүн, экинчиси, Кыргыз - Угуз хандын улуу уулу Күн хан экенин.

**Экинчи бап. «Кыргыздардын жана түрк-монгол элдеринин уламыш-мифтериндеги жалпылыктар».**Бул бапта кыргыздардын жана түрк-монгол элдеринин уламыш-мифтери салыштырылып изилденет. Ошондой эле кыргыз санжыраларындагы кыргыздардын келип чыгышы тууралуу мифтер, уламыштар жана маалыматтар анализге алынат.

Түрк каганатын түзгөн ашина уруусунун келип чыгышы тууралу сөз болгондо, бир эл капыстан басып кирген душман тарабынан кырылып, хандын жаш баласы тирүү калганы айтылат. Л. Н. Гумилевдун жазганына караганда, жогорудагы кырылган эл - «хунүйүнүн батыш бутагы» экен. Бул уламыш боюнча, түрктөр карышкыр аркылуу дал ушулхундардын «батыш бутагы» болгон гунндардан келип чыгат [59, 23-б.].Ошол кезде, «хун үйүнүн батыш тарабында» «гяньгун» деген ат менен жашаган байыркы кыргыз ордосу турганын автор эске салат. Түрк элинин келип

чыгышына байланыштуу айтылган жогорку уламыштын эле өзү бир аз башкача вариантта, “40 кыз” деген ат менен  кыргыз санжыраларында сакталып турганы да ошондон улам экени шексиз. Анткени, изилдөөлөрдүн жыйынтыгы түрк ысмы менен дүйнөгө белгилүү болгон этностун түпкү теги – “бурут” атын алып жүргөн эл экенин айтат. Ал эми “бурут”–байыркы кыргыздардын бир бөлүгүнүн тотемине байланыштуу айтылган ысмы. Албетте, бул акыркы айтылган сөз эмес, биз дал ушул илимий болжолдун өзү келечекте терендетилип изилденүүгө тийиш деген пикирдебиз.

Жогорку эле уламыштын дагы бир аз өзгөрүлүп айтылганвариантыбар. Аны элчилик жана чалгынчылык миссия менен көчмөндөргө барып, хундардын (сюнндар) колунда он жыл туткун болгон Чжан Цянь жазып калтырган. Анын жазганы боюнча, усундардын падышасын Хуньмо дешет. Хуньмонун атасы Наньдоу-ми деген адегенде Юэчжи эли менен кошуна Цинлянь жана Дуньхуан тоолорунун ортосундагы өрөөндөрдө жашашкан. Бир жолу юэчжилер усундарга кол салат да, ханын өлтүрүп, жерин тартып алышат. Калктын кыргындан аман калгандары хун ээлигин карай качып жөнөшөт. Өлгөн хандын жаңы төрөлгөн баласы өтө жаш болгондуктан, аны алып бараткан адам, камыш өскөн көлдүн жээгиндеги чөптүн үстүнө баланы оролгон бойдон таштап, өзү тамак издеп кетет. Анан кайрылып келсе, бир канчык карышкыр эмчегин эмизип, оозуна эт тиштеген бир карга баланын үстүндө айланып учуп турган болот. Наристенин жөн бала эмес экенин байкаган тиги адам аны Хун ордосунун ханына апкелет. Хан аны жакшы көрүп, хан тукумуна ылайык шартта өстүрүп чоңойтот. Убакыт өтүп, балаэр жетип, баатыр болуп өсөт. Хун шаа бийи аны адегенде өзүнө кол башчы, кийин атасынын элине хан кылып дайындайт [76, 17-18-б.].

Биринчи уламышта айтылган маалыматтар Алтай-Сайан элдеринин хандары негизинен Бөрү тукумунан тараган адамдар экенинен кабар берип турат [34, 221-222-б.]. Башкача айтканда, түрк атын алып жүргөн элдин келип чыгышы жөнүндөгү уламыштардын дээрлик баары бөрү тотеми менен байланышкан.

Жогорку уламыштардын ичинен усундардын «күн бийинин» теги тууралу вариант кыргыз санжырасында сакталган уламыш менен үндөшүп турат. Бул уламыш жогоруда айтылган сюжеттердин «төртүнчү» варианты. Бирок, аңыз кепте Бөрү эне адам кейпинде айтылгандыктан изилдөөчүлөр ага башка сюжет катары мамиле жасап, “40 кыз” тууралу уламыш, түрк элинин келип чыгышына байланышкан уламыштар менен салыштырылып изилденген эмес. Мына карап көрөлү:Уламыш боюнча байыркы бир көчмөн доорундахандын кызы өзүнүн курбулары менен (санжыраларда «40 кыз» деп айтылат) кыр ашып, гүл терип ойноп кетип, кайра келишсе, белгисиз бир жоо келип, элди бүт кырып, тирүү эч ким

калбаган болот. Журтта бир «кызыл ит» гана тирүү жүрүптүр. Ошондо хандын кызы курдаш кыздарын ээрчитип, кызыл итти алып, тоо аралап кирип кетет. Кийин ошол «кызыл ит» менен «кырк кыздан» («гурк кыздан» – Б.Т.)кыргыздар тарайт [233, 46-б.]. Кыргыздын атасы – «кызыл ит» же «ит-Кыргыз» деген анын ылакап аты ошол замандан калган. Бирок, байыркы замандарда «жоокер»,«кол башчы» маанисинде айтылган бул ылакап ысым кийин отурукташкан элдердин өкүлдөрү жана ислам миссионерлери тарабынаншылдың сөзгө айлантылган.

А чынында бул уламыш жогоруда түрктөр сыймыктанып айтып келатышкан уламыштын эле өзү. Мисалы, кыргыз санжырасындагы «кызыл ит» түрк уламышындагы колу-буту кесилген он жашар бала. Кызыл түс – хандык түстү жана ошол эле убакта жаштыктын түсүн [11, 144-145-б.] билдирет. Бала абдан жаш болгондуктан түрк вариантында «колу-буту кесилген» деп айтылып жатат. Ал эми усун элиндеги айтылган вариантта «баланы колу-буту кесилген» деген маалымат жок. Анда тескерисинче, бир канчык карышкыр келип, эмчегин эмизип, оозуна эт тиштеп алган бир карга камыштын үстүндө айланып учуп жүргөнү баяндалат. Демек, бала он жашта эмес, али эмчек эмген бала болгон. Ошондуктан ал түрк санжырасында «колу-буту кесилген» деп образдуу айтылууда. Анткени, ал али кылыч чаап, жаа тарта албайт эле, же душмандан качып кете албайт болчу. Ал эми кыргыз уламышындагы хандын кызы болсо, ал түрк уламышындагы «канчык карышкыр» же «бөрү эне».

Бул уламыштагы «кырк» деген сөз ал - кыздардын санын эмес, хан кызынын «бөрү» тегине жатканын аныктап турган «гурк» деген [96, 9-б.] байыркы арий сөзү. Биздин пикирибиз боюнча, адегенде: «гурк кыз» деп, бөрү маанисинде айтылган сөз, бара-бара жүрүп отуруп, кыздардын санын билдирген «кыркка» айланып калган. Демек, хандын кызы – «гурк кыз», башкача айтканда – «бөрү кыз» же бөрүнү тотем тутунган уруунун кызы.

А чынында, кыргыз уламышындагы «кырккызды» – «бөрүкыз»деп, ошолэлеубакта «кырк бөрүкыз»дептүшүнүүгө да болот. Экинчиден, «көк жал», «жоо бөрүсү» деп кырк жигит же кырк эрен, башкача айтканда тандалган жоокерлер гана айтылган. Ошентип кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү уламыштын бири -«түрк» атын алып жүргөн эл менен түпкү теги бир экенин айтып турат.

Эгер «бурут» деген сөз «бөрү» жана «ит» деген сөздөрдүн курамынан турса, «ит кыргыз» деген сөз да «ит» жана «гурк кыз» деген сөздөрдүн кошулуусунан пайда болуп, экөөсү тең негизинде бир эле маанини түшүндүргөн.

Ашина – хун менен сиянбилердин арасынан суурулуп чыккан, эр жүрөкжоокерлерден турган анча чоң эмес колдун башчысы болгон [59, 22-б.]. Кытайлар Ашинага баш ийгендерди «ту-кюлар» дешкен. Бул сөз П.

Пелью тарабынан «тюрк+ют», б. а. «түрктөр» деп чечмеленген [59, 22-б.]. Байыркы түрк тилиндеги саясий терминдердин дээрлик баары монгол тилинде көптүк түр менен айтылган. Мунун өзү бул сөздөр түрк чөйрөсүнө сырттан келип кирген дегенди билдирет [59, 22-б.].

Бизге чейинки тарыхнамаада «түрк» деген сөз – «күчтүү», «кубаттуу», «бекем» деген маанилерди билдирери [59, 22-б.] айтылып келген. В. В. Бартольддун айтуусу боюнча,бул сөз уруунун этникалык атын эмес, жалпы уруулар бирикмесин билдирген саясий термин [29, 10-б.]. Бул пикирге А.Н.Кононов да кошулуп, «түрк» аталышын бир урууга тиешелүү кылып айтуу мүмкүн эмес экенин белгилейт. Башка кошуна элдерге караганда аларды жакшы билишкен кытайлар болсо, аларды «ту-кюэ» [254, 691-698-б.] деген тыбыштар менен аташкан. Түрк тилинде бул сөз «түркүт» же «түрклөр» деп айтылат. Сөздүн мааниси «туулга» же «туулгачандар». Анткени, алар жашаган Алтай тоосунун көрүнүшү туулгага окшош болгон.

Көпчүлүк окумуштуулар «түрк» – «өзгөчөлөнгөн жоокер уруулардын жалпы аты» деген пикирге ыкташат. Ашинанын мааниси – «касиеттүү карышкыр» деген сөз [235, 104-105-б.]. Ал («ашина») түрк тилдеринде- «бөрү», «карышкыр», «каскыр», «кашкар», монгол тилинде - «шоно», «чино», араб тилинде - «шанэ» деп айтылат. Эмне үчүн Ашина өз ордосун «Түрк» же «Көк Түрк» ордосу деп атаган? Ал эмнени түшүндүрөт?

Тарыхта байыркы элдердин арасында кээ бир сөздөрдүн магиялык күчүн сакташ үчүн аны дал өзүндөй ачык айтууга тыйуу салынган салт болгону бизге жакшы маалым. Ошондо алар ал сөздү анынмаанисин билдирген башка сөздөр менен алмаштырып же ал сөздү «оодарып» башка формада айтышкан. Мисалы: Асманды оодарып айтканда, ал «Манас» формасына өтөт. Дал ушул байыркы салтты эске алып, белгилүү «Манас» изилдөөчү Р. Сарыпбеков «түрк» этнониминин мааниси «бөрүнү» түшүндүрөрүн айтып, ал «курт» деген сөздүн эле оодарылып айтылышы» деп жазган. Башкача айтканда анын ою боюнча «түрк» – «күрт» же «курт» сыяктуу эле «бөрү» дегенди түшүндүрөт.Бирок, «түрк» деген сөздүн өзү да ушул эле айтылышында «бөрүнү» түшүндүрөрүн жана ал кыргыз тилинде «түрүк» формасында сакталганын айткан эмес. Биз жогоруда анын «түрк» карышкырды билдирген «курт» сөзүнүн оодарылып айтылышы деген оюн толуктап, карышкырды билдирген «курт» сөзү менен бирге «түрк» сөзүнүн өзү да «бөрүнү» билдирерин кошумчалайбыз. Мисалы, ал кыргыз тилиндеги «бөлтүрүк» деген сөздө сакталган. «Бөлтүрүк» деп кыргыздар карышкырдын баласын айтат [216, 152-б.]. Башкача айтканда: Бөлтүрүк - «бала+түрүк» = «бала+бөрү», же «бөрү+түрк» = «бөрүнүн күчүгү» деген сөз.

Ошентип, «Түрк ордосу», «Түрк өлкөсү», «Түрк каганаты» деген саясий терминдерди кыргыз тилиндеги тотем маанилерине которуп

сүйлөсөк, анда алар: «Бөрүлөрдүн ордосу», «бөрүлөрдүн өлкөсү» же монгол-калмак тилинде: «буруттардын ордосу», «буруттардын өлкөсү», «буруттардын каганаты» дегенди түшүндүрөт. А чынында Түрк каганатын өздөрүн «касиеттүү карышкырдан тараганбыз» деп айтышкан уруунун (ашина) өкүлдөрү негиздешкен. Ошондуктан монгол тилинде сүйлөгөн элдер аларды Ордонун аты менен«Түрк ордосу», ал эми түпкү теги боюнча «буруттар» деп айтышкан. Биздин пикирибиз боюнча, Түрк каганатын негиздеген ашина (усун) да, ага эгиз катары айтылган ашидэ да, империянын оң жана сол канаттарын башкарган хан уруулар – төөлөс менен төрдөштөр да түпкү теги боюнча буруттар болушкан.

Экинчи окшоштук Алан-гоа менен Наалы эженин ысымдарында жатат. Алан оодарылып айтылганда – «нала» формасына келет. Ал кийин: Нала – Наалы формасына өтүшү мүмкүн? Же Алан адегенде «Налан» (а балким - Наалы) формасында айтылса керек? Кыргыз тилинин мыйзамы боюнча, найза - «айза», найман – «айман», ногой – «огой» делип, «н» тамгасы түшүп айтылган учурлар арбын. Ошентип, тилдин жогоруда биз көрсөткөн жолу менен Налы – Налын – Налан – Аланформасына өтүп айтылышы мыйзамченемдүү көрүнүш.

Алан-гоа да, Наалы эже да атактуу тектен. Наалы эженин эшигинде кызмат кылып жүргөн Көкө менен Тайыр – Кылыч хандын балдары. Алан-гоанын күйөөсүнүн алдында кызмат кылып жүргөн сары чач Малик Байаттын теги ким экени белгисиз? Бирок, ордо ойноп жаткан жигит айтканга чейин Көкө менен Тайырдын тегин да эч ким билген эмес. Сыягы, жакшы көрүп, жактырып жүргөнүнө караганда, Наалы эже Көкөнүн ким экенин билген. Дал эле ушул ой Алан-гоага да тиешелүү: ал да Малик Байаттын ким экенин билген. Анткени, Малик Байаттын ысмы анын жөн адам эмес экенин айтып турат. Монгол тилинде маалих – «малдын ээси», ал эми «байат» байыркы аргу тилинде «кудай» [206, 134-б.] дегенди түшүндүрөт. Мындай ысымды илгерки мезгилдерде малайлар же кулдар алып жүргөн эмес.

Ошол үчүн ал мурунку күйөөсүнөн төрөлгөн балдарга: «Оозуңарга эмне келсе, ошону сүйлөй бербегиле. Булардын ким экенин эл кийин, балдар - «бектердин беги»,«хандардын ханы» [168, 14-б.] болгондо, анан түшүнөт» деп атат. Өңү-түсүнө караганда, монгол санжырасындагы Малик Байат – кыргыз. «Сары ит» да («кызыл ит») – кыргыздын тотеми. Ошентип биздин изилдөөлөр монгол санжырасындагы Алан-гоа менен кыргыз санжырасындагы Наалы эже бир эле мифтик персонаж экенин көрсөтүүдө. Ошондой эле монгол элинин түпкү атасы - Бөртө-чинонун (Бурут-чин – Б.Т.) ысмынын өзү айтып тургандай теги - «бурут» деп аталган эл. Ал эми «бурут» Кыргыздын тотем маанисиндеги бир этникалык атыэкени элдик оозеки чыгармаларда («Манас») жана кытай булактарынан бизге жакшы белгилүү.

Ошентип изилдөөлөрдүн жыйынты кыргыз-огуз, кыргыз-түрк, кыргыз-монгол элдерининуламыш-мифтериндеги маалыматтарга таянып, алардын бири-бири менен болгон этногенетикалык жана этномаданий байланыштары жанакыргыздардын түпкү теги тарыхка «арий» деген ат менен түшкөн байыркы огуз элинин ички бөлүгү менен генеалогиялык байланышта экени айтылды.

## КОРУТУНДУ

**Диссертацияда изилдөөнүн негизги натыйжалары жана төмөнкү жыйынтыктары берилди:**

- Мифтер жана уламыштар татаал, түбү байыркы замандарга кеткен сырдуу феномен. Тарых менен мифтердин тыгыз байланышы көптөгөн маалыматтарда чагылдырылган. Ошондуктан,адамзаттын байыркы өткөнүнтаанып билүү каражаты катары өзүнчө тармакка бөлүп, мифтерди жана уламыштарды «тарыхый булак» катары баалоого болот;

- байыркы мифтер жана уламыштар тарыхый фактылардын арасынан өзүнүн баалуулугуна ээ болуп, акыл - эстин өнүгүү процессинин көрүнүшүн билдирип, элдердин тарыхын изилдөөдө баа жеткис материал гана болбостон, байыркы ишеним, салт-санаа жөнүндөгү эскерүүлөрдүн жыйнагы да болуп эсептелет деп белгиленген;

- Кыргыздын тарыхын бир гана жазма булактар менен чектеп, изилдөөгө мүмкүн эмес. Анткени, анын келип чыгышына байланышкан миф-уламыштардын пайда болгон убагы жана жаралуу мезгили узак убакытты камтып, байыркы замандарга барып такалат. Буга кыргыз, жалпы эле түрк элдерине таандык мифтердин жана уламыштардын ички түзүлүшү далил. Алардын структурасы, илимде, байыркы «архаикалык коомдордун мифтери» деп таанылган мифтердин түзүлүшүнө дал келет;

- Кыргыз мифтери, уламыштары жана алардагы генеалогиялык маалыматтар «толуктугу жана тактыгы боюнча тарых менен теңтайлаша албаса да, атайын жазуу-сызуусу болбогон, бирок салттуу маданиятты алып келаткан калк үчүн тарыхый-этнографиялык булак катары өткөндү окуп-үйрөнүп, билүүгө чоң көмөк көрсөтөт;

- Кыргыздын эпикалык ооз эки чыгармалары абдан бийик деңгээлге чейин өнүккөндүгү көпчүлүккө белгилүү. Демек, мындай улуу эпикалык чыгармалар өсүп чыккан маданий кыртыш биз ойлогондон да бай жана маңыздуу экени шексиз. Мунун өзү Кыргыз элине гана эмес, жалпы түрк тилдүү маданиятка тиешелүү мифтик булактарды изилдөө - алардын канчалык терең жана ар тараптуу экендигин ачып берүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондуктан, салыштырып изилдөөнүн натыйжасында, кыргыз тарыхына: арий, скиф, сак, сармат, гунн ж.б. аттар менен белгилүү болгон байыркы элдер менен кыргыз элинин этногенетикалык байланыштары бар

деген илимий болжол айтылган жана ал мифтик материалдардын негизинде тастыкталган;

Ошентип, изилдөөлөрдө, түрк-монгол элдери менен байланыштуу түзүлгөн империялардын негиздөөчүлөрүнүн түпкү теги «бурут» деп аталган кыргыз элине барып такаларын илимий болжол катары тастыктоого аракеттер жасалды. Бирок, автор тарабынан жасалган корутундулар келечекте тереңдетилип, ар тараптууилимий изилдөөгө алынышы мезгилдин талабы.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- Улуттук Илимдер Академиясынын «Тарых жана маданий мурастар» институтунун астында Кыргыз этногенезине байланышкан тарыхты кеңири жана терендеп окуп-үйрөнүү үчүн анын уламыш-мифтерин байыркы жана орто кылымдарда Евразия аймагында жашаган арий тилдүү (тур, сак, сармат, скиф), түрк тилдүү (хун, гун, усун, түрк, кыпчак)жана монгол-манжур тилдүү (сиянби, тоба, кидан, манжур, монгол.) көчмөн элдердин уламыш-мифтери менен салыштырып изилдөө максатында атайын изилдөө тобун түзүү;
- Биргелешип изилдөө иштерин жүргүзүү максатында жогорку аттары аталган элдердин урпактары жашап жаткан өлкөлөргө илимий экспедицияларды уюштуруу;
- Улуттук идеологияны түзүүдө кыргыз этногенезине байланышкан уламыш-мифтерди негизги өзөк катары колдонуу;
- Массалык маалымат каражаттары, интернет булактары аркылуу кыргыздардын этногенезине байланышкан уламыш-мифтерди кеңири жайылтуу жана чечмелеп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**Диссертацияныннегизги мазмуну төмөнкү макалаларда чагылдырылган**

1. Алымбаев А. Теңир теониминин генезиси [Текст] А.Алымбаев //Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. Социально – экономические науки– Бишкек,2005.Выпуск. 2–239-43-б

2. Алымбаев А. Общность кыргызских и монгольских родословий [Текст] А.Алымбаев //Материалы международной научно – практической конференции 24-26 –октября 2007.–Абакан,2007. – с.157-167.

3. Турал Б. Түрк этнониминин этимологиясы, Огуздар [Текст] А.Алымбаев – Бишкек, 2008. – 192-200-б.

4. Алымбаев А. О генезисе теонимаТенгри [Текст] А.Алымбаев //Вестник Университета “Кайнар”. – Алматы., 2012. – №4. – с.5-10.

5. Турал Б. Манастык мифтик образы – дүйнөлүк тоо[Текст], И. Арабаев атындагы КМУнун жарчысы – Бишкек, 2012. – №4. – 48-53-б.

6. Турал Б. “Манас” эпопеясындагы Кыргыз дүйнө таанымы, Манастаануу окуу китеби, [Текст] А.Алымбаев. – Бишкек, 2013. – 228-261-б.

7. Турал Б.Байыркы Чыгыш Азия элдеринин тарыхы жана мифтери: Манас ысмы менен байланышкан маалыматтар.[Текст] //И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2014. –Атайын чыгарылышы. –32-35-б.

8. Турал Б.Байыркы Батыш Азия элдеринин тарыхы жана мифтери: Манас ысмы менен байланышкан маалыматтар.[Текст]. А.Алымбаев//И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – Бишкек, 2014. – Атайын чыгарылышы.– 50-58-б.

9. Турал Б. Туран – огуздардын өлкөсү [Текст] //Ж.Баласагын атын. КУУнун жарчысы. – Бишкек, 2014. – Атайын чыгарылышы. – 126-132-б.

**Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин "Мифтер жана уламыштар-кыргыз элинин келип чыгышынын тарыхый булагы" деген темадагы 07.00.02. – Ата-Мекен тарыхы, 07.00.09.–тарыхнаама, булактаануу жана тарыхты изилдөө ыкмалары адистиктери боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Өзөктүү сөздөр**: уламыш, миф, санжыра, тотем, уруу, хан, арий, тур, гун, сак, сармат, скиф, огуз, кыргыз, түрк, монгол, Борбор Азия, Евразия.

**Изилдөөнүн объектиси** кыргыз элинин этностук тарыхын чагылдырган мифтер жана уламыштар.

**Изилдөөнүн предмети** кыргыз элинин келип чыгышына байланышкан маалыматтардын мифтер менен уламыштарда чагылдырылышы.

**Изилдөөнүн максаты** кыргыз элинин келип чыгышын түрк-монгол элдери менен болгон генеологиялык, этникалык, этносаясий, этномаданий байланыштарын миф жана уламыштарда чагылдырылган тарыхый булактардан изилдөө.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи**. Изилдөөнүн жүрүшүндө илимий объективдүүлүк, тарыхый принциптери, илимий таанып билүүдөгү жалпы илимий ыкмалар, тарыхый-генетикалык, анализ, индукция, тарыхый-салыштырмалуу, тарыхый-типологиялык методдору пайдаланды

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Изилдөөдөгү илимий жаңылыктар катары төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот: кыргыз тарыхнаамасында мифтер жана уламыштар тарыхый булак катары изилдөөгө алынды; алгачкы ирет миф жана уламыштардын негизинде түрк-монгол элдеринин келип чыгышына булакнаамалык салыштырма талдоо жүргүзүлдү; кыргыз жана түрк-монгол урууларынын санжыраларындагы этногенетикалык байланыштар системалаштырылып аларга илимий баа берилди; мифтер жана уламыштар оболку ирет байыркы сак, сармат, усун жана түрк тилдүү элдердин, уруулардын келип чыгышына байланышкан миф-уламыштар менен салыштырма-типологиялык анализге алынды; санжыралардагы этногенетикалык мифтер иргелип алынып, аларга жаңы көз караштан изилдөөлөр жүргүзүлдү.

**Иштин теориялык жана практикалык мааниси**: Кыргыз элинин келип чыгышын чагылдырган миф жана уламыштардагы тарыхый булактардын негизинде кабыл алынган жоболор, көз караштар, Кыргызстандын тарых илиминде колдонулушу мүмкүн. Илимий иштин материалдары, тыянактары Жогорку окуу жайларында кыргыз жана түрк тилдүү башка элдердин тарыхы боюнча атайын курстарда, лекцияларда пайдаланууга болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Алымбаева Абдрахмана Мырзагуловича на тему: «Мифы и легенды – исторический источник этногенеза кыргызского народа”, на соискание ученой степени кандидата исторических наук, по специальностям: 07.00.02. – Отечественная история и 07.00.09. – историография, источниковедение, методы исторического исследования.**

**Ключевые слова:** легенда, миф, санжыра, тотем, племя, хан, каган, арий, тур, гун, сак, сармат, скиф, огуз, кыргыз, тюрк, монгол, Центральная Азия, Евразия.

**Объект исследования:** мифы и легенды, отражающие этническую историю кыргызского народа.

**Предмет исследования**: факты связанные с этногенезом кыргызского народа в мифах и легендах.

**Цель и задачи исследования**. Основная цель диссертационной работы состоит в исследовании происхождения кыргызского народа на основе исторических источников, отражающих в мифах и легендах генеологические, этнические, этнополитические, этнокультурные связи с тюрко-монгольскими народами.

**Теоретико-методологическая основа исследования.** В ходе исследования были использованы принципы научной объективности, принцип историзма, общие научные методы научного познания, историко-генетический метод, анализ, индукция, историко-сравнительный, историко-типологический методы.

**Научная новизна исследования**. Впервые в кыргызской исторической летописи на основе мифов и легенд проведен источниковедческий сравнительный анализ происхождения тюрко-монгольских народов; систематизированы и дана научная оценка этногенетическим связям в мифах и легендах кыргызских и тюрко-монгольских племен; проведен сравнительно-типологический анализ мифов и легенд, связанных с происхождением кыргызов, с мифами и легендами, связанными с происхождением древних племен саков, сарматов, усуней, гуннов и тюркоязычных народов с новой точки зрения.

**Теоретическая и практичекая значимость исследования.** Положения, принятые на основе исторических источников мифов и легенд, отражающих происхождение кыргызского народа, предложенные научные точки зрения, выводы могут быть использованы в исторической науке Кыргызстана. Материалы, выводы научной работы могут применяться в высших учебных заведениях на спецкурсах, лекциях по истории кыргызского народа и других тюркоязычных народов.

## SUMMARY

of thesis on the topic ofthe "Myths and legends abe historical sources of origins of the Kyrgyz nation" 07.00.02 - National historygraphy; 07.00.09 - history, study of sources and methodology of historical research written by Alymbaev Abdrakhman Myrzagulovich in pursuit of pre-doctoral degree in historical sciences.

**Key words**: legend, myth, sanzhyra (oral history), totem, tribe, Khan, Hagan, arias, tur, hun, Saks, Sarmatian, Scythian, Oguz, Kyrgyz, Turks, Mongols, Central Asia, Eurasia .

**Research objective** - myths and legends portraying ethnic history of the Kyrgyz people.

**Research subject** - myths and legends portraying the origins of the Kyrgyz and Turk-Mongol peoples, as well as their ethnogenetic and ethnocultural interrelations.

**Researchgoal -** explore genesis of the Kyrgyz people and her genealogical, ethnic, ethnopolitical and ethnocultural ties with Turk-Mongol peoples through historical sources depicted in myths and legends.

**Research methodology** - principles of scientific objectivity, historicism, general scientific research methods: historical-genetic analysis, induction, comparative history, textual study were used in the course of the study.

**Scientific discovery** - research presents the following discoveries: in Kyrgyz history studies myths and legends were studied as historical resources depicting the origins of the Kyrgyz people; for the first time comparative resource analysis of the origins of Turk-Mongol peoples was conducted based on myths and legends; ethnogenetic ties between the Kyrgyz and Turk-Mongol tribes contained in their oral history have been systematized and scientifically evaluated; comparative-typological analysis of myths and legends of origins of Saks, Sarmat, Usun and other Turkic speaking peoples and tribes was conducted for the first time; ethnogenetic myths in oral history were selected and studied from a new aspect.

**Theoretical and practical significance of thesis** : regulations and aspects approved based on historical resources contained in myths and legends of origins of the Kyrgyz people may be used in history sciences of Kyrgyzstan. Research materials and results can be used in specialized courses and lectures on Kyrgyz and other Turkic speaking people's history.

10.05.2016-ж. басууга кол коюлду. Өлчөмү 60Х84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 2,7 б.т. Нускасы 150.

Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com